**«БЕКИТЕМ»**
**А.Алтымышбаев атындагы**
**философия, укук жана коомдук-саясий**
**изилдөөлөр институтунун директору**
**ф.и.д. Саралаев Н.К.**

____________________

«27» январь 2021г.

А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн кеңейтилген отурумунун

**ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ №4**

**Бишкек ш.** **"27" январь 2021-ж**

**Катышкандар:** укук бөлүмүнүн башчысы,ю.и.д.,доцент Токтогулов А.А.; ю.и.д.,профессор Базарбай уулу Эрлан; ю.и.к. Торомырзаев Т.Т.; ю.и.к. Сатымкулов М.А.; ю.и.к.Кубатов И.К.; и.к.Карыбекова Г.Б.; и.к.Боронбаев Т.Ж.; и.к.Калыбек кызы З.; ю.и.к.Бузурманкулов Б.Ж. ю.и.к.Жээналиева А.Ж.

**Аспирант:** Курамаева Наргиза Ормошбековна

**Отурумдун төрагасы:** А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн башчысы ю.и.д.,доцент Токтогулов А.А.

**Отурумдун катчысы** - ю.и.к.Торомырзаев Т.Т.

**Илимий жетекчи:** ю.и.д., профессор Молдоев Э.Э.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун аспиранты Курамаева Наргиза Ормошбековнанын 12.00.14 – административдик укук, финансы укугу, маалыматтык укук адистиги боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн «Салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспект» деген темадагы кандидаттык диссертациясын талкуулоо.

## УГУЛДУ:

**Отурумдун төрагасы – ю.и.д.,доцент Токтогулов А.А:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү отурумдун күн тартибинде А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн аспиранты Курамаева Наргиза Ормошбековнанын диссертациялык ишин талкуулоо. Автордун диссертациялык иши бизге күн мурун берилген. Эгерде сиздер каршы болбосоңуздар аспирант Наргиза Ормошбековнага теманын актуалдуулугу боюнча кыскача баяндама жасоого сөз берели.

**Аспирант Курамаева Н.О.:** Саламатсыздарбы! Урматтуу отурумдун катышуучулары. Биздин диссертациялык ишти "А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө" кеңейтилген отурумунда талкулоого мүмкүнчүлүк бергениңиздерге терең ыраазычылык билдирем жана илимий изилдөө ишинин актуалдуулугуна кыскача токтолууга уруксат этиңиздер.

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу салык укуктук мамилелерге катышуучулардын укуктары жана милдеттери доктриналдык жагынан иштелип чыкпагандыгында. Диссертацияда ар кандай укуктук концепцияларды жана илимде калыптанган көз караштарды илимий жактан изилдөө аркылуу мамлекеттин укуктун системасындагы салык укуктук мамилелердин абалы каралган. Салык укуктук мамилелерди изилдөөдөгү теориялык негиздер жана салык тутумун реформалоонун зарылдыгын эске алуу менен талдоого алынган.

Өлкөдө өткөрүлүп жаткан салык тармагындагы реформалар салыкты тескөө механизмин натыйжалуу ишке ашырууну жана күчөтүүнү, мамлекеттик салык саясатын ишке ашыруунун формасын камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын өркүндөтүү зарылдыгын шарттады. Ушуга байланыштуу салык укуктук мамилелер, алардын катышуучулары жаңы мааниге ээ болуп, өзгөчө мазмунду камтууда. Салык укуктук мамилелерди жөнгө салган укуктук ченемдерди өнүктүрүүдөгү болуп жаткан тенденциялар мамлекеттин бардык салык тутумунун түзүлүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн укуктук жана экономикалык аспекттерден алганда терең изилдөө зарылдыгын талап кылууда.

Теория жана практика көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасында салык укуктук мамилелерге катышуучулардын укуктарын жана милдеттерин мыйзам базасында, укукту колдонуу практикасына бирдиктүү ыкманы киргизбей туруп салык укуктук мамилелерди, салык саясатындагы жүргүзүлгөн реформа жигердүү болду деп айтуу мүмкүн эмес.

Жогоруда баяндалган жагдайлар коомдогу, мамлекеттеги салык укуктук мамилелердин теориясына жана практикасына өзгөртүүлөрдү киргизүү муктаждыгын пайда кылды.

Диссертациялык илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 1-ноябрында №11 жарлыгы менен бекитилген «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы» мамлекеттик программа жана А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн

илимий-изилдөө темасы менен тыгыз байланыштуу.

Диссертациялык иштин максаты болуп юридика илиминдеги илимий-теориялык жетишкендиктердин негизинде салык укуктук мамилелерди классификация жүргүзүү, салык төлөмдөрүн жыйноону жакшыртуу максатында салык саясатын ишке ашыруу процесси учурундагы салык укуктук мамилелердин ордун жана ролун аныктоо.

Изилдөөнүн максатына жараша төмөнкүдөй милдеттерди аткаруу керектиги аныкталды:

- салык укуктук мамилелер тууралуу түшүнүктү берүү максатында мыйзамдарда берилген түшүнүктөргө талдоо жүргүзүү;
- укуктук мамиленин түрү катары салык укуктук мамилелеринин жалпы жана өзгөчө белгилерин ачып кароо;
- салык укуктук мамилелерге бир нечелеген укуктун теориясындагы негиздер боюнча классификация жүргүзүү;
- салык мыйзамдарынын практикада колдонулушун жана теориялык негиздерин окуу менен салык укуктук мамилелердин маани-маңызына актуалдуу илимий көз караштарда анализ жүргүзүү;
- салык укугундагы салык мамилелерин окуунун методикалык – укуктук негиздерин изилдөө;
- салык укуктук мамилелердин негизги катышуучулары болгон салык төлөөчүлөрдүн укуктарына жана милдеттерине, салык органдарынын укуктары жана милдеттерине талдоо жүргүзүү;
- салык укуктук мамилелердин башка катышуучуларын аныктоо, алардын салык чөйрөсүндөгү мамилелерин ачып көрсөтүү;
- диссертациялык изилдөө процессинде алынган материалдардын негизинде салык укуктук мамилелерди жөнгө салуунун абалын талдап, келечекте салык укуктук мамилелерди жөнгө салган ченемдик укук актыларын жакшыртууга ылайык сунуштамаларды түзүү.

Салык илиминдеги болгон кенемтени толуктоо менен диссертациялык изилдөө заманбап концепциялык мамилелердин багытында салык укуктук мамилелер Кыргыз Республикасынын укуктук мамилелер арасында маанилүү экендиги эске алынып диссертациялык изилдөө административдик-укуктук изилдөө экендиги талашсыз. Мында өткөрүлүп жаткан салык реформасынын алкагында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн концептуалдуу ыкмасы, келечектүү негиздери иштелип чыккандыгында турат. Салык укуктук мамилелердин башка укуктук мамилелерден айырмалануусу, салык укуктук мамилелердин түрлөрү, алардын өзгөчөлүгү бул тармактагы изилдөөнүн негизин түзмөкчү.

Диссертацияда “салык укуктук мамилелер”, “салык төлөөчү”, “салык өкүлү” жана “салык органдары” деген түшүнүктөргө комплекстүү анализ жүргүзүлгөн, анын татаалдыгы, көп кырдуулугу жана башка теориялык-укуктук жана салык-укуктук категориялар менен байланышы көрсөтүлгөн.

Укук мамилесинин анын ичинен салык укуктук мамиленин орду жана түшүнүгү, маңызы изилденди. Салык укуктук мамилелердин жаңы жалпыланган классификациясы боюнча сунуштар киргизилди.

Теориялык-укуктук жана салык-укуктук айкын материалдардын негизинде мамлекеттеги экономикалык маселелерди чечүүдө салык укуктук мамилелердин ролу ачылды.

Теориялык тыянактардын негизинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын иштөө чөйрөсүндөгү реалдуу, так, туура жана актуалдуу маалыматтарын чагылдырат.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдерин жакшыртуу боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор сунушталган. Жүргүзгөн салык укуктук мамилелер тармагынын негизги жоболорун комплекстүү, концептуалдуу изилдөөнүн алкагында алынган натыйжалар салык укугунун теориялык-укуктук проблемаларын тармактык жана тармактар аралык изилдөөгө олуттуу салым кошкондугунда турат.

Туюндурулган тыянактар жана сунуштар салык органдарын уюштурууну, анын ичинде ыйгарым-укуктарды, өз ара аракеттенишүүнү жакшыртуу үчүн олуттуу мааниге ээ.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар “Салык укугу”, Финансы укугу” предметтерин окутууда колдонулууда.

**Отурумдун төрагасы:** Наргиза Ормошбековна, абдан маңыздуу баяндама жасаганыңызга чоң рахмат. Урматтуу кесиптештер, анда эмесе талкууга өтөлү. Диссертациялык иштин актуалдуулугу боюнча суроолоңуздарды бериңиздер.

**Базарбай уулу Эрлан:** Сиздин диссертациялык ишинизде айтылгандай мамлекет өлкөнүн мамлекеттик салык кызматкерлерин социалдык жактан кандай коргой алат?

**Аспирант Курамаева Н.О.:** абдан маңыздуу суроо бергениңизге терең ыраазычылык билдирем. Мамлекеттик салык кызматынын органдарынын кызматкерлери мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү болуп саналат жана анын коргоосунда болот. Бул кызматтын кызматкерлеринин керт башына, ар-намысына жана кадыр-баркына кол тийбестик Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен корголот. Мамлекет өлкөнүн мамлекеттик салык кызматкерлеринин социалдык жактан коргоонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдырына ылайык кепилдейт.

**Карыбекова Г.Б.:** Мамлекеттик салык кызмат органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын кандай укуктары каралган?

**Аспирант Курамаева Н.О.:** Мамлекеттик салык кызматынын органдарынын жана алардын кызмат адамдары төмөнкүлөргө укуктуу:

- белгиленген тартипте салык контролун жүргүзүүгө;

- салык контролун жүргүзүүдө салык төлөөчүдөн ыйгарым укуктуу салык органы белгилеген форма боюнча бюжетке салыктарды эсептөө, кармоо жана төлөө документтерин берүүнү талап кылууга;

- салык төлөөчүдөн салыктарды эсептөө, кармоо жана төлөө документтерин, ошондой эле салыктарды эсептөөнүн жана өз учурунда

кармоонун, төлөөнүн тууралыгын тастыктоочу документтерди толтуруу боюнча түшүндүрмөлөрдү талап кылууга;

- салык контролун жүргүзүүнүн жүрүшүндө салык мыйзамында аныкталган тартипте салык төлөөчүдөн документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

- салык контролун толук жүргүзүү үчүн мааниге ээ болгон ар кандай аймактарды, жайларды, документтерди жана нерселерди салык мыйзамына ылайык текшерүүнү жүргүзүүгө;

- мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте баалоонун кыйыр методдорунун негизинде салык төлөөчүнүн салык милдеттенмесин аныктоого;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мажбурлап жоюу жөнүндө арыз менен салык төлөөчүлөр катталган органдарга кайрылууга;

- сотко доо арыздарын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча уюмду жоюу жөнүндө доо арызын берүүгө;

- салыктарды жыйноо боюнча контроль жүргүзүүгө;

- салык контрагын түзүүгө.

Салык кызматынын органдары жана алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка укуктарга да ээ болот.

**Кубатов И.К.:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин башка мыйзамдардан артыкчылыгы илимий изилдөөңүздө кандай каралган ?

**Аспирант Курамаева Н.О.:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин башка мыйзамдардан артыкчылыгы төмөнкүлөрдөн байкалат: Салык кодекси, биринчиден, аларга карата жогорку юридикалык күчкө ээ; экинчиден, түздөн-түз иштөөчү акт; үчүнчүдөн, дээрлик бардык салыктык мамилелерди жөнгө салат; төтүнчүдөн, кодексте салык укуктук мамилелерге катышуучулардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери белгиленген.

**Бузурманкулов Б.Ж. :** Салык кызматынын органдары жана анын кызмат адамдарынын милдеттери кандай каралган?

**Аспирант Курамаева Н.О.:** Салык кызматынын органдары жана анын кызмат адамдары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- салык төлөөчүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоого;

- Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын сактоого жана салык төлөөчүлөрдөн аны аткарууну талап кылууга;

- салык төлөөчүлөргө салык милдеттенмелерин аткарууга көмөк көрсөтүүгө;

- Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралган учурларда салык төлөөчүнүн жазуу жүзүндөгү суроо-талабына жооп берүүгө;

- салык милдеттенмелерин аткарууга салык контролун жүргүзүүгө;

- салык төлөөчүлөрдү, салык салуу объекттерин, чегерилген жана төлөнгөн салыктарды эсепке алууну жүргүзүүгө;

- салык отчётунун белгиленген формаларын толтуруунун тартибин түшүндүрүүгө;

- көрсөтмө каттар боюнча гана салык текшерүүсүн жүргүзүүгө;

- салык төлөөчүнүн жазуу жүзүндөгү суроо-талабы боюнча салык милдеттенмелерин аткаруу жагында бюджет менен эсептешүүлөрдүн абалы жөнүндө маалымкатты 2 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен берүүгө;

- салык милдеттенмелерин аткарууну камсыз кылуунун ыкмаларын Салык кодексинде белгиленген тартипте колдонууга;

Салык кызматынын органдары жана алардын кызмат адамдары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралган башка милдеттерди да аткарышат.

**Отурумдун төрагасы, Токтогулов А.А.:** Рахмат! Кийинки суроонун ма□ызы мындай: бажы чек арасы аркылуу өтүүчү товарларга салыктарды төлөө боюнча милдеттенмелерди аткарууда төлөө мөөнөтүнүн өзгөрүшү кандай ?

**Аспирант Курамаева Н.О.:**

2019-жылдын 24-апрелинде кабыл алынган № 52 «Бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында 245-беренесине ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бажы төлөмдөрүн төлөөчүнүн арызы боюнча бажы төлөмдөрүн төлөөнүн мөөнөтүн өзгөртө алат.

Бажы төлөмдөрүн төлөөнүн мөөнөтүн өзгөртүү кийинкиге калтыруу же бөлүп-бөлүп төлөө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 35-бөлүмү боюнча жөнгө салынат.

Бажы төлөмдөрүн төлөөнү кийинкиге калтыруу же бөлүп-бөлүп төлөө бажы төлөмдөрүн төлөөчүгө төмөнкүдөй негиздердин жок дегенде бири болгон учурда берилет:

- бул жакка жаратылыш кырсыгынын, технологиялык кыйроонун же күч жетпес тоскоолдуктардын дагы башка жагдайларынын кесепетинен чыгым келтиргенде;

- бул жакка мамлекеттик бюджеттен каржылоону же бул жак аткарган мамлекеттик акы төлөөнү создуктурганда;

- эгерде бажы чек арасы аркылуу алып өтүүчү товарлар тез бузулуучу товар болуп саналса;

- жак өкмөттөр аралык жөнөтүүлөрдү жүзөгө ашырганда.

Кийинкиге калтырууну же бөлүп төлөөнү көздөгөн жакка карата:

- Кыргыз Республикасынын салык же бажы мыйзамдарын бузууга байланыштуу кылмыш белгиси боюнча жазык же административдик иш козголгон болсо;

- банкроттук жол-жобосу козголгон болсо, мындай жактарга бажы төлөмдөрүн кийинкиге калтыруу же бөлүп төлөө мүмкүнчүлүгү берилбейт. Мындай жагдайлар болгондо кийинкиге калтырууну же бөлүп-бөлүп төлөөнү берүү жөнүндө чечим чыгарылышы мүмкүн эмес. Ал эми чыгарылган чечим алып салынууга тийиш. Арыз берген жак кийинкиге калтырууну же бөлүп төлөөнү алуу тууралу үч жумушчу күндүн ичинде жазуу жүзүндө кабарланат.

**Отурумдун төрагасы – ю.и.д., доцент Токтогулов А.А.:** Эгерде аспирантка башка суроонуздар жок болсо, кийинки сөздү Наргиза

Ормошбековнанын илимий жетекчисине берели. Сөз илимий кеңешчи профессор Молдоев Эдилбек Эсеновичке берилет.

**Илимий жетекчи, ю.и.д., профессор Молдоев Эдилбек Эсенович:**

Урматтуу коллегалар, төрага бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан "Салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспект" диссертациялык ишти талкуулоонун алдында, бул иш жана диссертант Курамаева Наргиза Ормошбековна менен бирликте 4 жыл мурун А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүндө бекитилген. Азыркы убакта салык укуктук мамилелер экономикалык өсүштүн негизин түзгөндүктөн экономистер, юристтер тарабынан абдан чоң көңүл бурулууда. Бирок жасалып жаткан иш аракеттер көбүн эсе практикалык тармакты камтыйт. Теориялык тармактагы көйгөйлүү маселелерди камтыган талдоолор жүргүзүлбөй келүүдө.

Салык укуктук мамилелерди теориялык укуктук жактан изилдөө зарылчылыгынын келип чыгышы мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн сексен пайызга жакыны салыктар түзгөндүгү. Демек, практикадагы мындай укуктук категорияны потенциалдуу түрдө колдонуу үчүн илимий база түзүлүшү керек.

Ушул жана башка ой-пикирлерди эске алуу менен диссертант тарабынан салык укуктук мамилелердин аныктамасын түзүүгө, салык укуктук мамилелердин жалпы жана өзгөчө белгилерин аныктоо, салык укуктук мамилелерди бир нечелеген негиздер боюнча классификация жүргүзүү, салык укуктук мамилелерге катышуучулардын укуктарын жана милдеттерин теориялык жактан талдоо сыяктуу аспиранттын олуттуу ой пикирлери жана сунуштары бар. Ал сунуштар, пикирлер диссертациялык иште көрсөтүлгөн. Илимий иште Россия жана Кыргызстандын белгилүү окумуштууларынын илимий эмгектери колдонулган, белгилей кетчу нерсе биздин урматту профессорлор Арабаев Ч.И., Аманалиев У.О., Шерипов Н.Т. эмгектери да колдонулган. Ушул жогорудагы сунуш пикирлерди эске алуу менен Курамаева Наргиза Ормошбековнаны колдоп коюнуздарды суранам. Рахмат.

**Отурумдун төрагасы, Токтогулов А.А.:** Эдил Эсенович абдан маңыздуу баяндама жасаганыңызга чоң рахмат.

Урматтуу кесиптештер диссертациялык иш боюнча суроңуздар жок болсо, талкуунун официалдуу бөлүмүнө өтөлү. Урматтуу коллегалар! Сөз рецензент ю.и.к. А.Ж. Жээналиевага берилет.

**Жээналиева А.Ж. :** Автор тарабынан көрсөтүлгөн диссертациялык иш жалпысынан алганда бүткөрүлгөн жана каралып жаткан көйгөйлөрдүн маанилүүлүгүнүн кеңдиги, ички логикалык биримдүүлүгү, көтөрүлгөн көптөгөн маселелердин илимий жана практикалык маанилүүлүгү менен айырмаланган өз алдынча изилдөө деп баалоого татыктуу.

Автор өзүнүн диссертациясында изилдөөдө алынган кээ бир натыйжалардын талашсыз экендигине талап койбостон, жогорку талаптарга туура келген далилденип, жетишээрлик даражада концепциялдуу негизделип,

логикалык жактан байланышкан жана ырааттуу жазылган илимий формулировкаланган тыянактарды, сунуштарды, көрсөткөн.

Кыскача корутунду катарында айтаарым, диссертациялык иш юридика илимине чоң салым кошкон натыйжасы бар бүткөрүлгөн өз алдынча изилдөө болуп эсептелет.

**Отурумдун төрагасы, Токтогулов А.А.:** Сөз кийинки рецензент, и.к. Т.Ж.Боронбаевке берилет.

**Боронбаев Т.Ж.:**

Автор салык укуктук мамилелеринде мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча салык укуктук мамилелерди жөнгө салган укук ченемдик актыларды жакшыртуу тууралуу сунуштарды берди.

Мындан ары салык укуктук мамилелердин институттарын жана ар бир элементин өз алдынча изилдөө зарылчылыгы турат. Биздин көз карашыбызча салык укуктук мамилелердин субъективдүү курамын, материалдык объектисин, предметин тереңирээк изилдөө зарылчылдыгы бар. Салык укуктук мамилелерди изилдөө, аларды башка укуктук мамилелерден айырмалоо укук колдонуучулардын ишмердүүлүгүн жеңилдетет, салык төлөөчүлөрдүн укуктарын коргоо мүмкүнчүлүктөрүнө таасир берет.

Автор диссертациялык иштин максатына жана милдеттерине ылайык салык тармагындагы жүргүзүлгөн теориялык жана практикалык илимий изилдөөнүн негизин жыйынтыктай алган.

Албетте изилдөөнун артыкчылыгына карабастан,арасында кемчиликтер да жок эмес.

1. Диссертант Кыргыз Республикасынын ЖАКыны ылайык ишти тариздөөгө көңул буруусу керек.

2. Чектеш тематикалар боюнча ата мекендик изилдөөчүлөрдүн илимий эмгектерин изилдөө зарыл.

Бирок белгиленген кемчиликтер авторго иштин сапатын жогорулатууга багытталган калоо тилектер болот. Илимий эмгек мазмуну жана илимий-теориялык деңгээли боюнча ЖАКынын талаптарына жооп берген квалификациялуу илимий изилдөө деп эсептесе болот.

**Отурумдун төрагасы, Токтогулов А.А.:** Кесиптештер тарабынан айтылган эскертүүлөр сунуштоо мүнөзүндө айтылат, теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон диссертациянын жалпы оң баасына таасирин тийгизбейт. Сиздердин сунуштооңуздарды эске алуу менен диссертациялык ишти жалпы коргоого көрсөтүүгө болот.

Эгер диссертациялык иш боюнча өз оюн айта тургандар жок болсо, анда талкуунун жүрүшүндө «диссертация коргоого сунуш кылынсын» деген бир сунуш түштү. Бул сунушту добушка коемун. Башка сунуштар жокпу?

Жок. Ким бул сунушка макул, добуш берип койуңуздар.

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары:**
**«Макул»** - жыйындын катышкандардын бардыгы;
**«Каршы»** - жок;
**«Калыс»** - жок.

Жогоруда жазылгандардын негизинде А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмү төмөндөгү

## КОРУТУНДУГА КЕЛДИ:

**1.Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.**

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу салык укуктук мамилелерге катышуучулардын укуктары жана милдеттери доктриналдык жагынан иштелип чыккандыгында. Диссертацияда ар кандай укуктук концепцияларды жана илимде калыптанган көз караштарды илимий жактан изилдөө аркылуу мамлекеттин укуктун системасындагы салык укуктук мамилелердин абалы каралган. Салык укуктук мамилелерди изилдөөдөгү теориялык негиздер жана салык тутумун реформалоонун зарылдыгын эске алуу менен талдоого алынган.

Өлкөдө өткөрүлүп жаткан салык тармагындагы реформалар салыкты тескөө механизмин натыйжалуу ишке ашырууну жана күчөтүүнү, мамлекеттик салык саясатын ишке ашыруунун формасын камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын өркүндөтүү зарылдыгын шарттады. Ушуга байланыштуу салык укуктук мамилелер, алардын катышуучулары жаңы мааниге ээ болуп, өзгөчө мазмунду камтууда. Салык укуктук мамилелерди жөнгө салган укуктук ченемдерди өнүктүрүүдөгү болуп жаткан тенденциялар мамлекеттин бардык салык тутумунун түзүлүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн укуктук жана экономикалык аспекттерден алганда терең изилдөө зарылдыгын талап кылууда.

**2.Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык илимий изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 1-ноябрында №11 жарлыгы менен бекитилген «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы» мамлекеттик программа жана А.Алтымышбаев атындагы философия,укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн илимий-изилдөө темасы менен тыгыз байланыштуу.

**3.Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин **максаты болуп** юридика илиминдеги илимий-теориялык жетишкендиктердин негизинде салык укуктук мамилелерди классификация жүргүзүү, салык төлөмдөрүн жыйноону жакшыртуу максатында салык саясатын ишке ашыруу процесси учурундагы салык укуктук мамилелердин ордун жана ролун аныктоо.

Изилдөөнүн максатына жараша төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу керектиги аныкталды:

- салык укуктук мамилелер тууралуу түшүнүктү берүү максатында мыйзамдарда берилген түшүнүктөргө талдоо жүргүзүү;
- укуктук мамиленин түрү катары салык укуктук мамилелеринин жалпы жана өзгөчө белгилерин ачып кароо;
- салык укуктук мамилелерге бир нечелеген укуктун теориясындагы негиздер боюнча классификация жүргүзүү;
- салык мыйзамдарынын практикада колдонулушун жана теориялык негиздерин окуу менен салык укуктук мамилелердин маани-маңызына актуалдуу илимий көз караштарда анализ жүргүзүү;
- салык укугундагы салык мамилелерин окуунун методикалык – укуктук негиздерин изилдөө;
- салык укуктук мамилелердин негизги катышуучулары болгон салык төлөөчүлөрдүн укуктарына жана милдеттерине, салык органдарынын укуктары жана милдеттерине талдоо жүргүзүү;
- салык укуктук мамилелердин башка катышуучуларын аныктоо, алардын салык чөйрөсүндөгү мамилелерин ачып көрсөтүү;
- диссертациялык изилдөө процессинде алынган материалдардын негизинде салык укуктук мамилелерди жөнгө салуунун абалын талдап, келечекте салык укуктук мамилелерди жөнгө салган ченемдик укук актыларын жакшыртууга ылайык сунуштамаларды түзүү.

**4.Диссертациялык изилдөөдөгү илимий жаңылык.** Салык илиминдеги болгон кенемтени толуктоо менен диссертациялык изилдөө заманбап концепциялык мамилелердин багытында салык укуктук мамилелер Кыргыз Республикасынын укуктук мамилелер арасында маанилүү экендиги эске алынып диссертациялык изилдөө административдик-укуктук изилдөө экендиги талашсыз. Мында өткөрүлүп жаткан салык реформасынын алкагында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн концептуалдуу ыкмасы, келечектүү негиздери иштелип чыккандыгында турат. Салык укуктук мамилелердин башка укуктук мамилелерден айырмалануусу, салык укуктук мамилелердин түрлөрү, алардын өзгөчөлүгү бул тармактагы изилдөөнүн негизин түзмөкчү.

Диссертацияда “салык укуктук мамилелер”, “салык төлөөчү”, “салык өкүлү” жана “салык органдары” деген түшүнүктөргө комплекстүү анализ жүргүзүлгөн, анын татаалдыгы, көп кырдуулугу жана башка теориялык-укуктук жана салык-укуктук категориялар менен байланышы көрсөтүлгөн.

Укук мамилесинин анын ичинен салык укуктук мамиленин орду жана түшүнүгү, маңызы изилденди. Салык укуктук мамилелердин жаңы жалпыланган классификациясы боюнча сунуштар киргизилди.

Теориялык-укуктук жана салык-укуктук айкын материалдардын негизинде мамлекеттеги экономикалык маселелерди чечүүдө салык укуктук мамилелердин ролу ачылды.

Теориялык тыянактардын негизинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын иштөө чөйрөсүндөгү реалдуу, так, туура жана актуалдуу маалыматтарын чагылдырат.

**5.Жүргүзүлгөн изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин ченемдерин жакшыртуу боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор сунушталгандыгында камтылат. Автор жүргүзгөн салык укуктук мамилелер тармагынын негизги жоболорун комплекстүү, концептуалдуу изилдөөнүн алкагында алынган натыйжалар салык укугунун теориялык-укуктук проблемаларын тармактык жана тармактар аралык изилдөөгө олуттуу салым кошкондугунда турат.

Туюндурулган тыянактар жана сунуштар салык органдарын уюштурууну, анын ичинде ыйгарым-укуктарды, өз ара аракеттенишүүнү жакшыртуу үчүн олуттуу мааниге ээ.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар "Салык укугу", Финансы укугу" предметтерин окутууда колдонулууда.

**6.Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:**

1. Учурдагы жалпы теориялык көз караштарга талдоо жүргүзүүнүн негизинде салык укуктук мамилеге автордук аныктама берилди. "Салык укуктук мамиле деп салык укуктук ченемдер менен жөнгө салынган субъектер ортосунда пайда болгон укуктар менен милдеттерди бөлүштүрүүдө, салыктарды белгилөө, киргизүү жана жыйноо менен байланышкан укуктук мамилелер".

2. Автор салык укуктук мамилелердин жалпы жана атайын белгилерин анализдеп, салык укуктук мамиленин атайын белгилерине буларды негиздеди:

- салык укуктук мамиле мамлекттин экономикалык функциясынын өзгөчөлөнгөн чөйрөсүндө пайда болот;
- салык укуктук мамилелер салыктарды төлөө боюнча милдеттерди аткаруу жана мамлекеттик салык органдары укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу менен байланышта;
- салык укуктук мамилелердин объектиси болуп салык эспетелинет;
- салык укуктук мамилелердин маанисине катышуучулардын укуктары жана милдеттери кирет.

3. Изилдөө ининде салык укуктук мамилелерди классификациялоо мүмкүнчүлүгү төмөндөгүдөй негизделди:

- юридкалык маанисинин түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал салык укуктук мамилелер бөлүеүп каралды;
- укуктук мамилелердин юридикалык объектиси боюнча негизги жана туунду мамилелер болуп бөлүндү;

4. Колдонулуп келген укуктук жеке илимий методдорго (моделдештирүү, тандоо, ордуна коюу жана башкалар) таяныл салык мамилелерин окуунун усулдары сунушталды;

5. Бийликтеги эмес салык укуктук катышуучулардын укуктары Кыргыз Республикасынын салык кодексиндеги көрсөтүлгөн жагдайлар боюнча эки топко бөлүнө тургандыгы аныкталган;

6. салык укуктук мамилелерге катышуучулардын катарына салык органынын тышкары бажы органдары, финансы полиция органы жана жергиликтүү өз-алдынча башкаруу органдары кирээрин аныкталды жана алардын укуктары жана милдеттери талданды;

7. салык укуктук мамилелерге катышуучулардын бири болуп эсептелген жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген укуктардан тышкары салыктарды жыйноодо борбордук мамлекеттик органдар тарабынан дагы тиешелүү укуктар жана милдеттер берилүүсү керек экендиги анализденди;

8. Изилдөөдө салык укуктук мамилелерге катышуучулардын негизги субъектиси болуп эсептелген мамлекеттик салык органдарына берилген укуктар жана милдеттер башкаруучулуктун төрт формасы аркылуу уюштурулаарын белгиледи;

9. Автор салык укуктук мамилелеринде мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча салык укуктук мамиеллерди жөнгө салган укук ченемдик актыларды жакшыртуу тууралуу сунуштарды берди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы болуп** жеке, автор тарабынан алынган диссертациялык изилдөөдөгү илимий жыйынтыктар эсептелинет. Коргоого коюлуучу жоболор диссертанттын жеке катышуусу менен иштелип чыккан.

7.**Диссертациянын жыйынтыктарынын басма сөз каражаттарында чагылдырылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, тыянактары жана сунуштары 5 илимий басылмада чагылдырылды, алар Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуштаган алдыңкы улуттук жана чет элдик басылмаларда жарыяланды.

**8. Диссертациянын көлөмү жана түзүмү**. Диссертациялык иштин түзүмү тандалып алынган теманын өзгөчөлүгү менен аныкталат. Түзүм кириш сөздөн, үч главадан, сегиз бөлүмдөн, тыянактан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1.** 12.00.14- администрациялык укук; финансы укугу ; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн Курамаева Наргиза Ормошбековнанын « Салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспект » темасындагы **кандидаттык диссертациясын талкуулоо боюнча корутунду бекитилсин**.

**2.** 12.00.14- администрациялык укук; финансы укугу ; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн Курамаева Наргиза Ормошбековнанын « Салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспект » темасындагы **диссертациялык иши жактырылсын.**

**3.** Айтылган эскертүүлөрдү эске алуу менен, 12.00.14- администрациялык укук; финансы укугу ; маалыматтык укук адистиктери боюнча юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн Курамаева Наргиза Ормошбековнанын « Салык укуктук мамилелер: теориялык – укуктук аспект» темасындагы **диссертациялык иши диссертациялык кеңеште коргоого сунушталсын.**

**Төрага:**
**А.Алтымышбаев атындагы философия, укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун укук бөлүмүнүн башчысы ю.и.д.,доцент** **Токтогулов А.А.**

**Катчы:** **Торомырзаев Т.Т.**